ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК 821.92

**ОРОЗБЕК К. Э.**
КГУСТА ИМ. Н. ИСАНОВА,
БИШКЕК, КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
E-MAIL: OROZBEKOVA1990@INBOX.RU
**OROZBEK KYZY ELNURA**
KSUCTA N.A. N. ISANOV,
BISHKEK, KYRGYZ REPUBLIC

## «СЕЙТЕК» ЭПОСУНДАГЫ КААРМАНДАРДЫН БААТЫРДЫК КАСИЕТТЕРИ

## ГЕРОИЧЕСКИЕ КАЧЕСТВА ПЕРСОНАЖЕЙ ЭПОСА СЕЙТЕК

## HEROIC QUALITIES OF CHARACTERS OF EPOS SEITEK

*Макалада "Сейтек" эпосундагы баатыр каармандардын көркөм образдарын ачууда айтуучу колдонгон портреттик сүрөттөөлөр тууралуу сөз болот. Асыресе, эпостогу Сейтек, Сарыбай, Куялы сыяктуу баатырларды ич ара салыштыруу аркылуу айтуучунун талант өзгөчөлүгү белгиленет.*
***Чечүүчү сөздөр**: портреттик сүрөттөөлөр, эпос, каарман, окуялар, сюжет менен композиция, автордук баяндоолор.*

*В статье автор рассказывает о том, что сказитель использует портретные зарисовки для раскрытия художественных образов героев-богатырей эпоса «Сейтек». В данном случае в эпосе путем сравнения богатырей Сейтека, Сарыбая, Куялы отмечается особенности таланта сказителя.*
***Ключевые слова**:портретные зарисовки, эпос ,герой, батальные события, сюжет и композиция, авторские повествования.*

*In the article the author tells that the narrator uses portrait sketches for revealing the artistic images of heroes of the epic "Seytek". In this case, in the epic, by comparing the heroes of Seytek, Sarybai, and Kuyaly, the talent of the narrator is noted.*
***Key words**: Portrait sketches, epic, hero, battle events, plot and composition, author's narrations.*

Ар кандай көркөм чыгарманын каармандарынын көркөм образын ачуу ишинде автордун колдоно ала турган каражаты – бул композициянын негизги элементтеринин бири болгон портреттик сүрөттөөлөр. Автор ал аркылуу сүрөттөп жаткан каарманынын көркөм образын түзөт. Кейипкерлердин сырткы портретин сүрөттөө айрыкча эпостук чыгармаларда кеңири колдонулат. Ырас, портреттик сүрөттөөлөр андагы каармандын жекече сапаттарын: пейил-жоругун, кыялын, баатырдыгын, тайманбастыгын ачууда өзгөчө мааниге ээ. Алсак, "Манас" үчилтигинин жыйынтыктоочу бөлүмү болгон "Сейтек" эпосундагы башкы персонаж Сейтектин сырткы көрүнүшү, келбет-сөөлөтү жомокто төмөнкүдөй сүрөттөлөт:

Айкулагы калкандай,
Алагар көзү чолпондой.
Туура боюн караса,
Туу кармаган балбандай,
Журт бийлеген зардалдай.
Бою тоонун сеңирдей,
Ар кайраты баланын
Көөрүктүн ооз желиндей.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Көркөмдүгү баланын
Орто ашуунун белиндей.
Эки көздүн чуңкуру
Саздак суунун быткылдай,
Качырганын жөн эле
Кайсап-бүктөп жуткудай..[1,44-б.]

Бул сүрөттөөдөн Сейтектин сырткы сымбаттуулугу, өзүндөй эр уулдарга мүнөздүү алп келбети, ошондой эле деле жанда жок ченемсиз баатырдыгы, балбандыгы ачык байкалат. Адатта, кейипкердин көркөм образына маани берүү, анын оң же терс мүнөзүн аныктоодо көпчүлүк угарман (эгер айтуучу аудиторияга айтып жатса) айтуучунун ушул сыяктуу портреттик сүрөттөөлөрүнө муктаж.

Көп манасчылардан айырмаланып Саякбай Каралаевдин айтуусундагы каармандар эпос угуучунун элесинде чыныгы, нукура баатыр катары көпкө сакталып калышы, манасчынын эпосундагы баатырларын, алар аралашкан окуяларды даана, элестүү сүрөттөөсү, биздин оюбузча, анын өзүнүн качандыр аскер адамы болгону, согуш окуяларына өзү аралашканы себеп болсо керек.

Негизи, биринчиден, Сейтек сыяктуу эпостук башкы каармандардын баатырдык, чечкиндүү, тайманбаган, ары ченемсиз балбандык сапаттарын ачып көрсөтүүдө жогоркудай портреттик сүрөттөөлөр адамдын мүнөзүн талдоонун башталыш пункту катары кызмат кыла алат. Экинчиден, баатырдын сырткы кебетесинин жогоркудай сүрөттөлүшүн уккан угуучу: «мындай ашкан баатыр душманы менен кармашканда кандай эрдиктерди көрсөтөт болду экен» деп ойлоп, эпос угармандардын ичинен эркектер арасында жандуу кызыгууну пайда кылат.

Кыргыз эпосторунда башкы каарманга каршы коюлган анын душманы сөзсүз сүрөттөлөт. Адатта, айтуучу андай терс жосундагы каармандарды да, не алар кыргыздын айыгышкан душманы болгонуна карабай, алардын баатырдык касиет-белгилерин да баш каармандан кем эмес сүрөттөйт. Алар эпосто канчалык карама-каршы – антипод образдар болушса да, кандайдыр бир даражада бири-экинчисин толуктап турушат. Катар коюп, өз ара салыштырып караганда гана ал персонаждардын өздөрүнө таандык жекече бөтөнчөлүктөрү кыйла терең, ар тараптуу ачылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Төмөндө Сейтектин негизги каршылаш душманы Сарыбайдын портретин карап көрөлү:

Салмагы бөлөк, заары күч
Салышса түпкө жеткендей,
Сандап түмөн кол келсе,
Түпкө түптүз жеткендей,
Айбаттанса кутургур
Ак мөңгү көчүп кеткендей.
Кызыл жайнап от чыкса,
Кыйлалуу мүшкүл чок чыкса,
Жер бузулуп, тоо болсо,
Журт бүлүнгөн чуу болсо,
Кыймылдабай, былк этпей,
Туу түбүндө тургандай.
Ажал жакын арбайса,
Азыр боюнургудай,
Жан соруучу жалаңгыч
Жакындан карап турса да,
Бир балааны кылгыдай,
Сарыбай жайы ушундай ..[1,174-б.]

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Көрүнүп тургандай, Сейтек да, Сарыбай да теңдешсиз баатырлар. Бирок Саякбайдын бул саптарында Сейтек *«ай кулагы калкандай, алагар көзү чолпондой; туура боюн караса, туу кармаган балбандай»* делип зор сүймөнчүлүк менен сүрөттөлсө, анын каршысында Желмогуз уулу Сарыбай *«өңү өрттөнгөн көмүрдөй, мурунy тоонун сеңирдей, көзү көпкөк темирдей, кабагы терең быткылдай»* болуп, адамдын жүрөк үшүн алган коркунучтуу кебетеде көз алдыга тартылат. Сейтектин адамдан артык күчү, баатырдыгы жалпы караламан калк үчүн кызмат кылса, Сарыбай – адилетсиздиктин, ырайымсыздыктын ур токмогу, анын теңдешсиз циклоп-дөө катары кара күчү жеке өз башынын пас кызыкчылыктары, курсагынын тоюшу үчүн жумшалат.

“Сейтек” эпосундагы Желмогуз уулу Сарыбайды жанда жок баатыр, балбан кыз Кайыпчал кызы Куялы менен салыштырып кароо да баатырлардын касиет-белгилерин толук кандуу ачууга көмөгүн бербей койбойт. Кантсе да эпосто теңдешсиз дөө Желмогуз уулун жеңген – мына ушул Куялы кыз эмес беле. Айтуучу Куялынын портрети баатыр Сарыбайга карама-каршы пайдаланылат.

“Сейтек” эпосун изилдеген окумуштуулардын пикиринде: “Кайыпчал кызы Куялынын, ошондой эле терс каармандар: Кыяз менен Сарыбай дөөнүн образдары ич ара салыштырылып гана анализдениши керек. Алгач Куялыны карап көрөлү. Залкар жомокчу Саякбай Каралаев Желмогуз уулу Сарыбайды жеңүүдө биринчи орунга алп кыз Куялыны алып чыгуу менен, Семетей, Сейтек, Күлчоролордун барк-баасын төмөндөтпөйт. Ар бир баатырдын шартына карата калыс чечмелейт” [2,10-б.].

Мурунку бөлүмдөрдө белгилүү болгондой, «Манас» үчилтигинде согуш ишине активдүү катышкан баатыр аялдар аз эмес. Куялы да ошондой жолборс жүрөк, каарман аялдардын бири. Анын эрдиги эпосто эң бир күчтүү пафос менен поэтизацияланып, жогоруда аталган персонаждардан да ашкан балбан, баатыр болуп көрсөтүлөт. Ага карата мындай мамиле баатыр уулдардан кем калышпаган мыкты аялдарга болгон элдик сүймөнчүлүктүн өтө тереңдигин далилдейт. Куялы негизинен согуш үстүндө сүрөттөлгөндүктөн, анын эрдик мүнөзүнө айрыкча күчтүү басым жасалып, аялдарга таандык сулуу өң-түсү, назиктиги жөнүндө эч нерсе айтылбайт. Куялынын образы көбүнчө эпикалык баатыр катары традициялуу мотивдер менен коштолот. Мындай баатыр кыздардын эпикалык образы дүйнө элдеринин адабиятында да кеңири кездешет. Айрыкча, араб элдик адабиятынын таанымал каарманы Фатима (мында сөз орто кылымдардагы араб элдик адабиятынын «Жизнеописание доблестной Фатимы и повествование о подвигах ее славных предков» аттуу романы туурасында жүрүп жатат. – М.: Наука, 1987.), көп жагынан Куялыны эске салып тургансыйт. Бул туурасында атактуу фольклор изилдөөчү В.М.Жирмунский мындай деп жазат: “Өзүнүн келип чыгышы боюнча ал матриархаттын турмуш-тиричиликтик мамилелерине барып такалат. Бирок жоокер кыздын үлгүсү жапайы доордун патриархалдык-урууучулук коому учурунда да (Европада, мисалы, байыркы кельттерде жана германдарда) сакталат; атап айтсак, ал ошондой эле феодалдык мамилелердин өнүгүшүнө жана аялдарды күң абалында кармоонун орто кылымдык принцибиндеги официалдуу мусулман идеологиясынын таралышына чейинки мезгилдеги көчмөн түрк урууларынын жоокердик тиричилигинде жакшы белгилүү” [3,39-б.].

Демек, “Куялыдай алп аялдардын келип чыгышы жана традицияга айланышы – өтө узак жана татаал процесс” [4,83-б.]. Куялынын образы эпостун мазмунуна атайылап, максаттуу түрдө киргизилгендей. Чынында Сейтек Сарыбайды жеңбеди беле, ошол боюнча калтырса да болмок. «Бирок, элдик эпостун бирден бир касиети кандайдыр бир турмуштан тышкары каармандарды мактап, даңазалай берүү эмес. Карапайым адамдардын арасында да не бир баатырлар бар экендигин көргөзүү эпостун элдүүлүгүн күчөтмөк. Дал мына ушундай образга Кайыпчал кызы Куялы кирет. Ал – кандайдыр бир чукулунан гана табыла калган образ эмес, поэманын бүткүл идеялык агымы менен даярдалган образ»[5, 13-б.].

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Семетейди небактан жактырып жүргөн Куялы жардамга келгенинде: *«Сарыбай жеңсем, Семетей мага үйлөнсүн!»* – деп шарт коёт. Семетей буга кескин каршы чыгып, акырында Бакай, Каныкейдин кеңеши, Айчүрөктүн өтүнүчүнөн улам гана макул болот. Сарыбай өлтүрүлгөн соң, убада боюнча Семетей менен Куялынын кыяматтык никеси кыйылат. Ушундай эле көрүнүштү биз Манас менен кыз Сайкалдын мисалынан да көрөбүз. Мындай учурлардын баатырдык эпостор үчүн традиция болуп калышы мыйзам ченемдүүдөй. «Анткени кыздардын Куялыга окшоп жактырганына турмушка чыгуусу – байыркы матриархаттык мамиленин көркөм чагылышы экендиги эч кандай шек жаратпайт»[6,47-б]. Куялынын башкы миссиясы Сарыбай дөө сымал адаттан тыш кара күчтү, залимдиктин ур токмогун таш-талканын чыгарып жеңүү болгонунан улам, жогоруда айтылгандай, жомокто анын аялзатына тиешелүү сулуулук, наздуулук, уздуулук сапаттары айтылбайт. Башкы көңүл кыздын баатырдык, балбандык өзгөчөлүктөрүн мүмкүн болушунча толугураак, даанараак ачып берүүгө бурулат. Куялынын портрети жомокчу тарабынан чоң сүймөнчүлүк, зор симпатия менен окуянын бүткүл жүрүшүндө бери жагы эле беш-алты жолу тартылат. Анан ал портреттик сөөлөт-келбеттердин бири экинчисин кайталабай, өз-өзүнчө оригиналдуу, жогорку көркөмдүүктө сүрөттөлгөнү менен баалуу, ары кызык. Саякбайдын түзгөн портретине көңүл буруп көрөлү:

Куялы кыздын балбаны
Калкка жаңжал салганы,
Эрсиңген келсе эңкейип,
Эчак сайып алганы.
Улугу дыңша улуу журт,
Көптү кыйла кара курт,
Бээжин журтка билинген,
Атын билген күйүнгөн,
Айдыңына келген жан
Аманат жандан түңүлгөн...[1,199-б.]

Же:

Опсуз балбан Куялы
Сарыкер буудан ат минип,
Сарыкердин куйругун
Он эки бөлүп, чарт түйүп,
Көк ач албарс байланып,
Көк болот айза колго алып,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Көркөмдүгү, эрдиги
Кыз баатыры жыластын
Кызыл кыр тоодой көрүнүп,
Барааны башка буткулдай,
Басташканды жуткудай. ...[1,200-б.]

Ошентип, айтуучу эпосундагы каармандардын баатырдык касиет-белгилерин канчалык ынанымдуу сүрөттөө анын талант чеберчилигин, сөз менен эркин иштөө жөндөмдүүлүгүн да белгилеп турган фактор катары каралат.

**Адабияттар тизмеси**


1. Сейтек [Текст] / Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. – Ф.: Адабият, 1991. – 1169 б.

2. Сейтек [Текст] / Жайнакова А. Баш сөз - Ф.: Адабият, 1991. – 352 б.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

3. Тюркский героический эпос [Текст] / В.М.Жирмунский. - Л.: Наука, 1974. – 435 с.
4. «Сейтек» - «Манас» трилогиясынын корутунду бөлүгү [Текст] / А.Жайнакова - Ф.: Илим, 1984. – 563б.
5. «Сейтек» [Текст] / Асаналиев К. Кириш сөз. «Манас» эпосунун үчүнчү бөлүгү. 4-китеп. – Ф.: Кыргызмамбас, 1960. –450 б.
6. «Сейтек» – «Манас» трилогиясынын корутунду бөлүгү [Текст] / А.Жайнакова. - Ф.: Илим, 1984. – 620 б.